Инв. 1907

Сазанов Багыш.

„Семетейдин олуму.“

Семетей.

Институт языка, литературы и истории
Рукоп.
№ 174
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

98 стр. 1979 г.

3 = деп.

Институт языка, литературы и истории
Инв. № 1009
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

## Мазмуну.


| № | Мазмуну | бет. |
|---|---|---|
| I | Казактардын Кыязга кабар кылышы. | 230 |
| II | Канчоро менен Чачыкейдин Кыязга кабар кылышы. | 271 |
| III | Семетейдин түшү. | 285 |
| IV | Айчүрөктүн түшү. | 288 |
| V | Семетейдин өлүшү. | 308 |
| VI | Күлчоронун колго түшкөнү. | 313 |

230

# I Казактардын Князга кабар кылыш(ы).

Кой, кой десе болбойсуң,
Каңкорлугуң кармашып,
Ичип канга тойбойсуң,
Качан өлтүр деп айттым,
Эр Чмотой баатырдын,
Алты сан кара казагы,
Кара курттан мал эле,
Алыска барсам кол болжошум,
Эр Чмотой баатырым,
Бээжинге барсам жолдошум.
Канатымдан кайрылып,
Чмотойду өлтүрүп,
Алты сан кара казактан,
О калкымдан айрылып.
Элден ээн калгыча,
Калктан каран болгуча,
Ал нарокчо коройун,
Тувай туна чогойун
Тувалекте олоун,
Карыжанда кан Бакай,
Кайсыйака кеттиң деп,
Султан турай кулоңуп,
Эр Сары кан баатырга,
Агулганып сүйлөнүп,
О баякы канкордун,
Ушу туруп коргондо,
Кадек айып этине,
Жан буткондун баарысы,
Баатыр Бакай карысы.
Казай албит байнне,

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 174
98 ст. 1979 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Саадак салып мойнуна,
Санжыргалы канкордун,
Жан чыдабайт ойнуна.
Тынымсейит, Алсейит
Эки бирдей торосун,
Алып келгин деп айтып,
Зоолу чечип мойнунан,
Агытып кел деп айтып.
Кок жал турду кулонун
Сары тазга суйлонуп,
Канкор ушу чыктын эле,
Кайрын Бакай укту эле,
Алымсейит, Тынымдан,
Шайлап алган Сары таз,
Зоолук салып мойнунан,
Байлап алган Сары кан,
Агытып зоолу чечти эле,
Ак жаратткан озун бил,
Кандай кылат Канкор деп,
Уруп салар бекен деп,
Коло тушкон казакты,
Кырып салар бекен деп.
Айтылмыш, аргын кырк ногой,
Бизден олум бар эле,
Озуно салып ойлотуп,
Кунун алар бекен деп
Калктын баары чуркурап,
Кара ногой буркурап.
Калкы карап турганда,
Тынымсейит, Алсейит,
Казака башттык торосу.

Эки торо баягы,
Майнуна курун солмнып,
Семетей жузун бир корсок,
Семетей бизди олтурбойт,
Торонун жузун коробу,
Колго тушкон пендени,
Сувлошун жузун коргон соң,
Олтурсо торо оңобу,
Аман калдык жалганда,
Казактардан дува алып,
Олумдон торо калдың деп,
Эр Семетей болуктун,
Жузун корун кубанып,
Салам айтып алыптыр,
Эки колу боорунда,
Семетейдин доорунда.
Карап турат кашында,
Кан Бакайы башында,
Эр Сары кан баатыры,
Бул экоонун жанында.
Кулчоро турат куварып,
Уу ичкендей сумсайып,
Канчоросу касында,
Каада билген ногойдун,
Кагылары кашында.
Баатыр канкор кулонун,
Кунчуронун суйлонун,
Кулонун адам билбеген,
Кунчуронун суйлогон
Аргындарга кеп айтып,
Атаудын кору аргындар,